

**УДК:930.2**

*Каратаев О.К., т.и.д., Кастамону университетинин профессору, Түркия*

*Каратаев О.К., д.и.н., профессор Университета Кастамону, Турция*

# Кыргыздардагы «уча» салты жана анын келип чыгышы
# Обычай “уча” у кыргызов и его происхождение
# The custom of “ucha” from the Kyrgyz people and its origin

*Кыргыздарда архаикалык уча тартуу салты сакталып келет. Бул салт Сибирдин түрк жана тунгус тилдүү элдеринде да сакталып калган. Уча тартуунун үөгусу аөды уруулаштарынын ичинде бөлүп таратууну туюнткан. Аөдан келе жаткан мергенчиге “шыралга” (монголчо – шорлого) деп кайрылган уруулашына эттен бөлүшүүгө милдеттүү болгон. “Шыралга” деп кайрылган ар кимдин аөдын этинин бир бөлүгүн, терисин, башын алууга укугу болгон. Аөчы кыргыз каршысынан чыккан алгачкы адам “уча” деп айтса, анда атылган аөдын арткы санын омурткасы, териси менен кошо берген. Экинчи, андан кийинки жолуккан адамдарга аөдын этинин чүйгүн бөлүктөрүн берген. Айрым учурларда аөчынын өзү этсиз калган учурлар кездешкен. Ушул сыяктуу “уча бер!” деген расми хакас жана алтайлыктарда да орун алган. Түндүк алтайлыктарда “учаны” шаманга тартуу эткен, ал өз кезегинде эттен ооз тийип, андан соө башкаларга улуулатып же жашына карата ооз тийдиргени берген, жаштары “учанын” сөөгүнө доо кетирбестен этин тазалап жешкен. Архаикалык “уча” салты менен катар, тамакты тараткан “кешик” расмиси кыргыздарда бүгүн да сакталып келери маалым. Кыргыздарда “кешик”, “кешик берүү” расмиси сыйлуу, белгилүү коноктордун дасторконунан жаштарга жана кошуналарга тамак берүү дегенди туюнтат. Кыргыздарда “тойдун кешиги”, “улуу адамдын” устуканы ж.б. деген байыркы түшүнүктөр сакталып келет. “Уча” салты (расмиси) аөчылардын чөйрөсүндө калыптанган, бир атадан тараган уруудагы (урук) жашоо теөдемечилиги, байыркы уруулук коомдун өндүрүшү жана керектөөлөрү менен байланышкан. Кыргыздарда аө учурундагы олжону мергенчилердин арасында теө, бирдей бөлүштүрүү принцибине баш ийишкен. Антпесе тоолордун ээлери каарданышып, келечектеги аө уулоо ийгиликсиз болот деген ишеничте болушкан. Илимпоздордун пикирлерине караганда “уча” салты уруулук коомдун кулашы жана коөшулук обүинанын пайда болуу доорунда келип чыккан. “Уча” салты сыяктуу коомдогу жөрөлгөлөрдүн эө алгачкы белгилери алгачкы-обүиналык коомдун престиждүү экономикасына таандык болуп, анын өнүккөн доору неолиттик мезгилге туура келет. Социалдык шарттардын өзгөрүүсү менен биргеликте “уча” салты өзгөрүүлөргө учураган. Мисалы, бул салт кайсыл урукка таандык болгондугуна карабастан колдонула берген, Хакасияда болсо толук унутулуп калган. “Уча” расмисинин салттуу нормалары ашыкча болгон азык-түлүктөрдү так жана теө бөлүүнү талап кылган, уруктагы пайдалангандан ашкан азык-түлүк салтанатта берилүүчү сый-тамакка же үйлөнүү үчүн берилген белекке (калыө)*

*айланган. "Уча" салты "Уча" салты адамдардын жашоо шартында материалдык жактан кыйынчылык жаралганда жардам берүүчү калыптанган коомдук гарантия болгон, социалдык градацияны камсыз кылган, куда-сөөктүк байланыштарды чыөаган.*

*У кыргызов и по ныне суүествует архаический обычай престижного распределения добычи под названием «уча» – букв. «крестец», «курдюк» или задняя часть туши барана, коня. Этот обычай распределения добычи широко распространены у тюркоязычных и тунгусоязычных народов Сибири. Суүность обычая «уча» заключалась в распределении части добычи своим соплеменникам. При обраүении к охотнику: «шыралга» (по монгольски – шорлого), последний обязан был поделиться трофеем. Указанный возглас предусматривал выделение почетной части добытого мяса любому встречному. Охотник-кыргыз, встретив кого-либо едуүим с добычей, при слове «уча» брал заднюю ногу с частью позвоночника и шкуру, второй и третий встречный отрезали себе также лучшие куски мяса, в итоге охотнику не остается ничего. Аналогичный обычай под названием «уча бер!» (букв. дай крестец) был зарегистрирован у хакасов и алтайцев. Например, на Северном Алтае хозяин юрты преподносил лучшую часть мяса «уча» в дар шаману, «который, приняв, обрезывает мякоть, но не всю и дарит, кому захочет из почетных людей. Этот, отрезав себе, передает другому, обыкновенно старшему себя родственнику или чужому, который, отрезав себе, отдает всем находяүимся, и тут же окончательно очиүают кости «уча», не повреждая их. Архаический обычай «уча» и распределение доли под названием «кешик», бытовали и бытует у современных кыргызов. В кыргызском языке словом «кешик» обозначаются остатки пиүи и питья со стола знатных и почетных гостей, которыми угоүают молодых или соседей, а также сам гостинец от угоүений на пиру. Таким образом, обычай «уча» возник в среде охотников и берет начало от охотничьих промыслов, ибо в «вступал в силу уравнительный закон, восходяүий к нормам коллективного производства и потребления родового строя. У кыргызов суүествовал равный дележ добычи независимо от вклада любого члена охотничьей артели. В противном случае горные хозяева могли рассердиться и не дать удачи в следуюүий раз. По мнению ученых условия действия обычая «уча» возникли в период разложения родового строя возникновения соседской обүины. В зависимости от дальнейших социальных условий обычай видоизменился, с течением времени где-то им стали пользоваться в определенных случаях все, независимо от родовой принадлежности, например, в Хакасии он полностью исчез. Согласно исследованиям, обычай типа «уча» можно отнести к так называемой престижной экономике первобытно-родового строя, которая в зачаточном состоянии возникла еүе у охотников того времени, но ее расцвет пришелся на неолитический период. Традиционные нормы поведения требовали неукоснительного дележа излишних продуктов, которые принимали форму дара, брачного выкупа или пиүи, приготовленной для устройства праздника. Обычай «уча» гарантировал людям поддержку в случае нужды, ибо он обусловливал развитие взаимопомоүи, совершенствовал системы брачных связей и установления социальных градаций.*

***Ключевые слова:*** *«уча тартуу», шыралга, шоролго, кыргызы, монголы, тунгус, буряты*

*There is an old Kyrgyz tradition named the"ucha tartuu"i.e. "sacral bone offer"*

*whichhas been held by the Kyrgyzs since ancient times at feasts and receptions of distinguished, respected guests. This is the tradition of offering horseflesh, exactly a sacrum to the eldest guest of distinction or a very respected man. The sacrum is made from horseflesh. The Kyrgyzs slaughter a horse to show their respect to guests, cut it into pieces and then boil them. This ancient "ucha"i.e. sacrum tradition has been held and known as nemat among the Turkic-language ethnicities of Southern Siberia (Kuu- kiji, Kumandy, and Tuba) and in Tungus-languages, Evenks and Evens."The Ucha tradition" has maintained a very significant role in Economic, Philosophical, Religious and Social life of Kyrgyz people. The main purpose of the "Ucha"ceremony is fair sharing of the hunters' bags among the members of their tribes. Hunting, which was one of the main activities of social-economic structure, along with traditions and customs dealing with it, was of a great social, economic, religious and ritual significance amongst peoples and tribes living in a mountainous and forest areas, especially the Kyrgyzs. Also, there was another tradition called "shyralga, i.e. hunter's gift"tradition which is related to hunting in the Kyrgyz culture. If one, who met a lucky hunter returning with a bulk of bag, called him saying "Shyralga", according to the ancient tradition, the hunter would have to give a part of his gained trophy to the man. The imperative verb "shyralgala", deriving from the noun"shyralga, means"to wish luck to a hunter. There were cases when even lucky hunters, who used to return home with a full bag, very often had to return with no piece because they were to share their bags, i.e. meat with those whom they met on their way home. Among the Siberian ethnicities (Evenks, Evens, etc.) there was a tradition to give the first met person an amount of meat from the hunter's trophy, which would be equal to the person's body and a part of the hunted animal's skin if the hunter was lucky to capture a bigger animal, for example, a deer or an elk. This tradition is also common among Mongolian language ethnicities and it is named "shorlogo" in their languages. In Mongolian language, Buryats, the word "shorlogo" means "a piece of meat"or"sharing a piece of meat. The basic meaning of the"ucha tradition actually involves providing social equity, fair food share in hardships, mutual support, and a show of support to people according to their social age status qualities (children, elders). It is of a particular significance for those who meet by chance in bad weather conditions as they could help each other with food. This tradition also regulates and provides special rules and norms of extra food delivery. It contributes to and maintains the existing social-economic structure, mutual assistance and marital relationships. The"ucha tradition was the guarantee of assistance when people faced material hardship in their lives.*

***Key words:*** *The ucha offering, Shyralga, Shorlogo, Kyrgyz, Mongol, Tungus, Buryat.*

Ар бир элдин өзүнө таандык кайталангыс маданияты, ага байланышкан каада-салттары, калыптанган расмилери бар. Каада-салттар, элдик расмилер аркылуу этностун заттык жана руханий маданиятын, чарбалык укладын, калк жашаган аймактын флорасы жана фаунасын, калктын кулк-мүнөзүн иликтеп үйрөнүүгө болот. Мындан сырткары, каада-салттар, ага байланыштуу келип чыккан ар кыл салттуу расмилер этникалык мүнөзгө ээ болуу менен этностун (этнографиялык топтун) философиялык-диний түшүнүктөрүнүн эволюциясынан да кабар берери анык.

Кыргыздын жашоосу менен байланышкан аш-тойлордо атайылап багышталып берилүүчү тамак берүү аземдеринде атайын чакырылган сыйлуу конокторду тосууда байыртадан келе жаткан ***"уча тартуу"*** салты бар. Бул албетте, жакшылыкка

багышталып атайын союлуп, устукандалып бышырылган, сыйлуу коноктордун улуусуна, аксакалына же абройлуу мүчөсүнө тартылуучу жылкынын учасы. Аш-тойлордо гана тартылуучу “уча тартуу” расмиси кыргыздарда конок тосуу жана узатуу маданиятынын кульминациялык эң жогорку чеги болот. Учага ээ болуу сый-урматын алган кадырлуу (абройлуу) конок (эркек киши) бул сый-тамактан ооз тийип, андан соң учанын этинен өзү каалаган конок мүчөлөрүнө, чоң сыйдын катышуучуларына да ооз тийгиздирип, даамын таттырат. Аш-тойдон, куда тосуудан ж.б. жакшылыктан кайткан, уча тартуу сыйына ээ болгон адам өз журтуна (үйүнө, айылга) келип тууган-урук, колу-кошуналарга бул сый-тамактан ооз тийгизүү салты эзелтеден жашап келери маалым. Уча жана ага байланышкан каада-салт, ырым-жырымдар сакралдуу мааниге ээ. Бул байыркы салттын түндүк алтайлыктарда (куу-кижи, куманды, тубалар) да болгондугун XIX к. христиан миссионери, этнограф В.И.Вербицкий өз эмгегинде эскерген. Ушул эле байыркы салт “немат” деген аталыш менен тунгус-манжур тилдүү элдерде (эвенк, эвен ж.б.) сакталып келери белгилүү.

“Уча” деп ичкилик кыргыздар койдун же эчки-улактын арткы бөлүгүн же карчыга менен куймулчакты аташары маалым. Ичкилик кыргыздарында (Лейлек, Баткен, Ноокат районунун бир бөлүгү, Кадамжай ж.б.) Тажикстан (Жергетал, Мургаб кыргыздары), Өзбекстандын (кыргыздын ичкилик уруулары жайгашкан аймактары), Ван кыргыздарында (Түркия) кой-эчкинин карчыгасы жана куймулчагы “уча” деп аталып, сыйлуу конокко тартылуучу сый-тамак катары белгилүү. Мисалы, ичкилик кыргыздарында “учаны, кадырлув деп, эркектерге, дөштү аялдарга беребиз” – деп айтылат (Юдахин 1965: 811). XIX к. түндүк кыргыздарында болгон Ч.Ч.Валиханов (текестик бугулардын кыдык уругунда болгон) дасторконго алынып келинген тамактын эң сыйлуусу кой этиндеги “уча” болгондугун белгилегени бар (Абрамзон 1991:100). Демек, койдун карчыга эти (учасы) ысык-көлдүк кыргыздарда да сыйлуу деп эсептелген эркек кишиге карата багышталган кадырлуу жилик-мүчө болгондугун байкоого болот.

Арийне, кыргыздар локалдашкан аймактарда малдын этинин жиликтенип тартылышы кээ бир жергиликтүү өзгөчөлүүктөргө ээ. Бул кыргыздардагы чарбалык укладдын калыптануусуна, тотемистик-сакралдык көз караштардын эволюциялык өнүгүүсүнө байланыштуу калыптанганы чындык. Мисалы, Чыгыш Памирде жана Чоң Алайда аялдарга “буйрак” (куймулчак) тартылып, койдун карчыгасы конокторго тартылбайт. Ал эми Ноокат аймагында (муөгуш жана каңды уруулары) – “куймулчак”, Лейлек тарапта “уча” негизги жилик-мүчө катары тартылары маалым (Абрамзон 1991:101).

Ал эми, оң жана сол канат кыргыздарынын көпчүлүгүндө, Чыгыш Памир кыргыздарында койдун куймулчагы куда тараптын аял-кишилерине (кудагый жана анын туугандары) улуулатып тартыла берет. Ошол эле учурда сол кыргыздарында (мисалы, басыздарда), чоң алайлык наймандарда койдун карчыгасы коноктор келгенде казанга салынбайт, салт боюнча карчыга үй ээлеринин энчисине калат. Бул салттын да тотемисттик, ритуалдык-магиялык маанилери бар. Бул тууралу кийинчерээк сөз болору бышык. Карчыга (орусча – крестец) – мааниси жагынан кыргый сымал жырткыч кушту туюнтат. Мисалы, “кары билет кааданы, карчыга билет сонону”. Соно - өрдөктүн бир түрү (Юдахин 1965:354). Ушул макаланын автору 2003-ж. Тувада илимий экспедицияда болуу учурунда өзгөчө көөүл бура турган кызыктуу окуяга дуушар болгон. Кыргызстандан, Хакасиядан, Новосибирден

(Россия) келген тарыхчыларды тувалар (тывалар) кой союп коноктошкон эле. Тосуп алуучу тараптын берген түшүндүрмөлөрүнө караганда жергиликтүү туваларда эө сыйлуу тамак катары багышталып союлган койдун “ужасы” (тувача “ужа”) болору белгилүү болду. Койдун “карчыгасы” жана “куймулчагы” эө улуу деп таанылган сыйлуу конокко тартылат. Тувалардын салты боюнча конок кааласа койдун бышырылган этинин бул мүчөсүн өзү жеп, эгерде каалоосу болсо дасторкондош жолдоштору ж.б. менен бөлүшө алган. Тувалардын салты боюнча сыйлуу коноктор эркек жана аял болсо, эркек “ужанын” карчыга бөлүгүн өзүнө калтырып, куймулчагын аял кишиге (өз аялы) ыйгара алган. Карчыганын омуртка тарабына кан акпасын үчүн сүмбө сайып коюшкан. Тувалардагы бул салттык көрүнүш лейлектик кыргыздардан (кесек, тейит уруулары) байкоого болот. Албетте, бул этнографиялык параллелдер сөзсүз түрдө илимий кызыгууну жаратары ырас.

Бүгүнү хакастарда жана туваларда салтанат же тойлор болгондо жайылган сый дасторконду “уча саларга” (хак. Ужа саларга) деп аташат. Бул термин кыргыз тилинде “уча салуу”, “учанын этин тартуу” маанисин берет. Мисалга, Саян-Алтай түрктөрүндө үйлөнүү тоюнда ири малдын учасын жана төшүн казанга салышкан. Ал эми туваларда койдун бышырылган “уча этин” (тувача – “уча эди”) куймулчагы менен ортого коюлуп, кожоюн тарабынан улуулатып тартылып, аягында жаш балдарга ооз тийгизишкен. Хакастарда “уча” деп аталган дасторконундагы сый эки күнгө созулган (2:45). Бул параллел аркылуу жогорудагы ичкилик кыргыздарынын салты менен байланышта экендигин байкоого болот. Арийне, бул салттын байыркы мааниси мезгилдин өтүшү менен трансформацияга учураганын байкоого болот.

Өзгөчө, алтайлыктар менен тувалардын ортосундагы салттык жалпылыктарга токтолуп кетүүгө негиз бар. В.В.Радлов алтайлыктарда келген коноктордун эө сыйлуусуна карчыга менен куймулчакты ыраа этишкендиктерин байкаган. Таанымал этнограф Н.П.Дыренкова кыргыздарда үйлөнүү тоюнда болгондо өзгөчө жиликтер катары койдун учасы жана төшү боло тургандыгын белгилеген. Мындай тойдо “уча” жана төш тайаке тарапка тартылып, ал өз кезегинде төштү жээнине өткөрүп берген. Андан соө тамакка ооз тийилип, сый–тамак өз тартиби боюнча уланган. Бул параллелдерден кыргыздардын түштүк Сибирдин элдери менен тереө этногенетикалык жана салттык байланыштарын көрүүгө болот. Түштүк Сибирь элдериндеги “уча” салты тууралу этнографтар Ф.Я.Кон, Г.Г.Грумм-Гржимайло, Л.П.Потапов, В.Дулов, С.Вайнштейн, В.Я.Бутанаев ж.б өз эмгектеринде кайрылып өтүшкөн.

“Уча” салтынын чарбалык-экономикалык, философиялы.к-диний, социалдык тереө маанилери болгон. “Уча” салтынын негизги мазмуну олжону өз уруулаштары менен теө бөлүшкөндүктө турган. Илим адамдарынын берген маалыматтарына караганда бул салттын келип чыгышы алгачкы уруулук (обүиналык-жамааттык коом) коомдогу мамилелер ыдырай баштаган мезгилге же коөшулук жамааттык (обүина) чарбанын калыптана баштаган дооруна таандык. Байыркы урууларда аөчылыктан – мал чарбачылыгы, жыйноочулуктан – дыйканчылыктын, андан кол өнөрчүлүктүн келип келип чыгышы илимге белгилүү. Ырас, алгачкы жамааттык коомдон тартып кечээ өткөн жакынкы мезгилдерге чейин аөчылыктын адам баласынын жашоосундагы ээлеген ролу зор болгон. Чарбалык укладдын бир тарамы болгон аөчылык жана ага байланыштуу келип чыккан каада-салттар, ырым-жырымдар талаа, тоолуу-токойлуу аймактарда жашаган элдерде, урууларда, өзгөчө кыргыздарда

чарбалык-экономикалык, диний-ритуалдык тереө маанилери болгондугун соөку иликтөөлөр айгинелеп жатат.

Кыргыздарда аөчылыкка (уучулукка) байланышкан "шыралга" салты болгон. Удан жолдуу болуп кайткан мергенчиге жолуккан киши "шыралга" деп чакырса, анда мергенчи эзелки салт боюнча "шыралга" деп чакырган кишиге атылып алган аөдын бир бөлүгүн берүүгө милдеттүү болгон. Аөдын этин алып, ыраазы болгон жолоочу "шыралгала" деп жооп айткан. Шыралгала – "аөчылыктын ийгиликтүү болушун каалаймын, жолуө болсун" маанисин туюнтат (Юдахин 1965:922). Айрым учурларда аө уулоодон (уучулуктан) олжолуу кайткан мергенчилер үйлөрүнө куру кол келген учурлар да көп кездешкен. Себеби, "шыралга" деп чакырып, жолдон кезиккен адамдарга мергенчи атылып алган аөдын эти менен бөлүшүүгө милдеттүү болгон. Сибирь элдеринде (эвенк, эвен ж.б.) мергенчи ири жаныбарды, мисалга бугуну же багышты олжолосо, биринчи жолуккан кишиге анын тулку бою менен теө келген этти, терисинин бир бөлүгүн берген. Бул салт монгол тилдүү элдерде да кенен жайылган жана алардын тилинде "шорлого" деп айтылат. "Шорлого" монгол тилдүү буряттарда "бир кесим эт" же "бир кесим этти бөлүшүү" расмичи деген маанини билдирет. Мындай учурда ("Шорлого" деп чакырылса ?) аөды бөлүштүрүп жаткан мергенчилер "өгнө!" (кыргызча – "макулбуз !" маанисинде) – деп жооп беришкен. "Шорлого" деп айткан киши же жолоочу салт боюнча мергенчилердин аөдын этин бөлүштүрүүсүнөн өз тиешесин алган (Абрамзон 1991:105-112). "Шыралга" же "шорлого" терминининин келип чыгышы түрк-монгол тилдеринин чөйрөсүнө эмес, балким, өтө байыркы жалпы алтай (протоалтай) тилдерине барып такалуусу мүмкүн. Саян-Алтай элдеринде "уча" салтына байланыштуу дагы бир кызыктуу социалдык көрүнүш бар. Жөө жүрүп аөчылык кылган мергенчи тайгада атчан жүргөн башка аөчынын минген аты байланып турса "уча" деп чакырып байланган атты убактылуу минип кетүүгө акысы болгон. Минген аты байланып турган аөчы "уча" деп чакырган жолоочуга тааныбаса да атын берүүгө милдеттүү болгон. Ырас, мингич атты убактылуу алган аөчы атты өз ээсине кайтарып берүү милдетин алган. Демек, бул теө бөлүшүү расмиси коөшулук обүина (жамаат) калыптангандан кийин келип чыккан. Себеби, бул чарбалык көрүнүш коллективдүү (жамааттык) аө улоо жана анын жыйынтыгындагы аөды бөлүштүрүүдөн айрымаланып турат.

Ал эми бул салт хакас, туваларда – "ужа" ("уча"), тунгус тилдүү эвенктерде – "нимат" деген терминдер менен аталат. Бул салттын келип чыгышынын неолит дооруна (жаөы таш доору) таандык экендигин белгилешкен изилдөөчүлөр Саян-Алтай элдеринде "уча" расмиси оболу жапайы жаныбарларга (бугу-марал, багыш, элик ж.б.), кийинчерээк аө терилүү кайберендерге тарагандыгына токтолушат (Вайнштейн 1961:59). "Уча" расмиси адамдардын тотемисттик ишенимдеринин, социалдык өз ара жардам көрсөтүү салтынын (обычное право) негизинде келип чыккан. Тотемизм бир гана жаныбарларга гана эмес, тоо-таш, бак-дарак ж.б. жансыз предметтерге сыйынууну да билдирет эмеспи. Жаратылыштын кубулуштарынын алдында алсыз болгон адамдар аө уулоо учурунда бул процесстин (аө уулоонун) ийгиликтүү болуусу үчүн атайын диний ритуалдарды аткарышкан. Эгерде, аө уулоонун жыйынтыгы ийгиликтүү болсо, анда тоо-таштын, токойдун ээлери менен бөлүшүү расмисин аткарышкан. Себеби, байыркы адамдардын түшүктөрүндө кайберендер тоо ээлеринин менчик малдары болгон жана асман, жер духтарынын өзгөчө көзөмөлүндө болушкан (2:45). Саян-Алтайдын түрктөрүнүн философиялык-

диний түшүнүктөрүндө тоо-таштар адамдар менен бир туугандык байланышта турган имиш. Мисалы: “...енисей кыргыздарынын түз урпактары болгон хакастарда түпкү ата-бабалырынын бири тоо ээсинин кызына үйлөнгөн экен. Ошондуктан тоого “агалар” (хак. аталар) деп жүгүнүп урмат көрсөтүп турушчу. Эгерде аөчынын мүнөзү жакшы болуп, тоо ээлерине урмат жасаса, ал жыйынтыгында “кежикке” ээ болгон...”. “Кежик” – туваларда, хакастарда “олжо”, “ийгилик” маанилерин туюнтуп, бүгүнкү кыргыздарда “кешик”, “тойдун, жакшылыктын кешиги”, “кешик берүү” дегенди туюнтат. Демек, жаратылышка аяр мамиле жасап, ага урмат-сый менен көрсөтүлсө, өз кезегинде жаратылыш да “кешигин” (жапайы андар) адамдардан аяган эмес экен түшүнүк калыптанган.

Бул расми Сибирдин түрк тилдүү элдеринде “сартых” деп да аталат. Мисалга, улуу адам өз устуканын кичүүлөргө (өзгөчө жаү балдарга) узатса, ал өз теөтуштары менен эт, сүт азыктарын теө бөлүшүшкөн. Өз кезегинде тартылган тамактын эө сыйлуусу салт боюнча (обычное право) жаш бөкөл (монг. “бөкөвүл) тарабынан дасторкондогу насиптештердин эө улуусуна тартылган. Тунгус тилдүү эвенктерде, эвендерде салт боюнча атылып алынган аөдын эө сыйлуу мүчөлөрү улууларга, кары кишилерге тартылган. Бул эт тартуу салтына атылып алынган аөдын териси да кирген (5;4). Кыргыз тектүү сары уйгурларда (сарыг угур) ритуалдык максатта курмандыкка чалынган малдын башы жана териси шамандарга (бакшы) тартылгандыгын түркolog С.Е.Малов (1907-ж.) байкагандыгын жазган.

“Уча” салтынын түпкү мааниси социалдык теөчиликти, катаал жашоо шарттарында азык-түлүктү теө бөлүштүрүүнү, өз ара жардамдашууну, адамдардын социалдык жаш өзгөчөлүктөрүнө (жаш балдар, кары-картаөдар) карата колдоо көрсөтүүнү туюнткан. Жаратылыштын катаал шарттарында капысынан жолуккан адамдар бири-бирине жардам берүү (азык түлүк, тамак-аш), колдоо көрсөтүү, бөлүшүү зарыл болгон. Ашыкча болгон азык-түлүктү бөлүштүрүүнун салттуу нормалары жана бул коомдук-экономикалык тартипти бекем сактоо социалдык жактан өз ара жардамдашууну, нике байланыштарын сактоону камсыз кылган. “Уча” салты адамдардын жашоо шартында материалдык жактан кыйынчылык жаралганда жардам берүүчү калыптанган коомдук гарантия болгон, социалдык градацияны камсыз кылган, куда-сөөктүк байланыштарды чыөаган.

**Адабияттар:**

1. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. -Фрунзе, 1965. – 893 б.

2. Бутанаев В.Я., Монгуш Ч. Обряды как отражение традиционный верований тувинцев и хакасов в XIX-XX вв.- Кызыл, 2005. – 200 с.

3. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко культурные связи. – Фрунзе, 1990. – 480 с.

4. Вайншейн СИ. Тувинцы-тождинцы. Историко-этнографические очерки. -М.,1961.- 231 с.

5. Монгуш Ч. Обряды как отражение традиционных верований тувинцев и хакасов в XIX-XX вв.//Автореф.канд.дисс.-Абакан, 2005. – 23 с.

6. Karatayev O.K. (2013). «Ucha» tradition in Kyrgyz culture and its histori calethnographic//Black Sea-Черное Море) Yıl 5 Sayı 18. P.88-94.

7. Ширина А.А. Нимат обычай дележа у северных тунгусов // do.gendocs.ru.docs/index-301843.html